| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МИН-БУЛАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин I-чакырылышы**
**ТОКТОМ №100**

12-сентябрь 2025-жыл Садовое а.

**Миң-Булак айыл аймагынын**
**«Ардактуу атуул» наамын ыйгаруу жөнүндө**
**Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-июлундагы №241 «Нормативдик укуктук актылар жөнүндө» Мыйзамынын 17-беренесине ылайык, этика, регламент жана мандат боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Б.К.Саркуловдун маалыматын угуп, Миң-Булак айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Миң-Булак айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2024-жылдын 2-сентябрындагы №79 токтому менен бекитилген «Миң-Булак айыл аймагынын Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө Жобого төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:
   1) III-бөлүмдүн 1-пункту төмөндөгүдөй жаңы редакцияда берилсин:

«1. Комиссиянын курамына айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары-жооптуу катчысы, айылдык кеңештин жооптуу катчысы, айылдык кеңештин төрагасынын орун басары (макулдашуу менен), аялдар кеңешинин төрайымы, жаштар комитетинин төрагасы, ар бир айылдан бирден аксакал кирет».

2. «Миң-Булак айыл аймагынын Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу боюнча сунуштарды карoo комиссиясынын курамы төмөнкүдөй бекитилсин:
   - Комиссиянын төрагасы – айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары-жооптуу катчысы;
   - Комиссиянын катчысы – айылдык кеңештин жооптуу катчысы;

Комиссиянын мүчөлөрү:
- айылдык кеңештин төрагасынын орун басары (макулдашуу менен);
- жаштар комитетинин төрагасы;
- аялдар кеңешинин төрайымы;
- ар бир айылдан бирден аксакал.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө этика, регламент жана мандат боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрайым** **Булазова Г.Т.**